ЖОЖдордо сынак башталды

# КТМУда окууну каалагандар мурдагыдан арбын

*Кыргыз-Түрк «Манас» университетине 2016-2017-окуу жылы үчүн кирүү сынагы болуп өттү. Сынакка 8712 тагыраак айтканда бир орунга 7-8 абитуриент таймашты. Мындан сырткары окуу жайга Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы менен 100 студент кабыл алынат.*

Сынак өткөн күнү абитуриенттердин жакындары эртең менен эрте келишип, ал бүткөнгө чейин университеттин алдында чоң толкундануу менен күтүп жатышты. КТМУнун ректору, профессор Себахаттин Балжы, биринчи проректору, профессор Асылбек Кулмырзаев сынак башталардан мурун абитуриенттер жана алардын ата-энелери менен жолугушуп, өз ара маек жүргүзүштү. Маектешүү учурунда абитуриенттер кайсы тармакта окуй тургандыктарын жана келечекке болгон көз караштарын, ой-максаттарын ортого салышты.

«Анадолу» маалымат агенттигинин Кыргызстандагы жана ТРТ түрк телевидениесинин журналисттери университеттин ректору жана проректору менен сынак жана университеттеги билим берүү системасы тууралуу атайын репортаж уюштурушту. Аларга берген маалыматында ректор, профессор Себахаттин Балжы жана биринчи проректор, профессор Асылбек Кулмырзаев быйылкы жылы университетке кирүүнү каалаган абитуриенттердин саны мурунку жылдарга салыштырмалуу алда канча көп экендигин белгилеп өтүштү.

Айта кетели, университеттин студенттерди тандоо сынагынын жыйынтыгы 2016-жылдын 7-июль күнү белгилүү болот жана бул жылы КТМУ 1283 студентти кабыл алмакчы.

Айзат ТАЛАСБАЕВА